## Мамлекеттик казына векселдеринин рыногу

*(2018-жылдын март айы)*

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде 12 айлык мамлекеттик казына векселдерин (мындан ары – МКВ) жайгаштыруу боюнча 3 аукцион өткөрүлгөн. Ошол эле мезгил ичинде МКВга карата суроо-талаптын жалпы көлөмү 560,0 млн сомду түзүү менен олуттуу көбөйгөн (+2,5 эсе). Мында, сатуу көлөмү 6,4 пайыз орточо салмактанып алынган чен боюнча 441,8 млн сомду (+2,4 эсе), ошондой эле жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмүндө 600,0 млн сомду (+2,3 эсе) түзгөн.

МКВнын жалпы портфелинин концентрациялануу индекси 0,15 түзгөн, бул концентрациялануунун орточо деңгээлин көрсөтүп, рынокто жети негизги инвестордун катышкандыгына дал келет.

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде Кыргыз Республикасынын бюджетинин тартыштыгын таза каржылоо өлчөмү -99,2 млн сомду түзгөн. Отчеттук мезгил ичинде Финансы министрлиги тарабынан 362,3 млн сом суммасында мурда эмитирленген МКВлардын орду жабылган.

Март айынын жыйынтыгында жүгүртүүдө МКВнын көлөмү жыл башынан тарта 16,9 пайызга, 2,4 млрд сомго чейин кыскарган. Мындан тышкары, МКВга негизги ээлик кылуучулар түзүмүндө коммерциялык банктар негизги үлүштү ээлеген (70,9 пайыз).

Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде экинчилик рыногунда МКВны сатып алуу/сатуу боюнча операциялар ишке ашырылган эмес.

**1-график. МКВга карата суроо-талап жана аны жайгаштыруу**




**2-график. МКВ боюнча суроо-талап, сатуу жана кирешелүүлүк көлөмүнүн динамикасы**



**3-график. МКВны сатуу көлөмүнүн динамикасы**




**1-таблица. Номиналдык нарк боюнча МКВга ээлик кылуучулардын түзүмү**

*миң сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Институцион. инвесторлор | | Жеке адамдар - резиденттер | | Юридикалык жактар - резиденттер | |
| | | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак | Сумма | Сал. салмак |
| 01.04.2017 | 4 906 400,0 | 3 416 240,2 | 69,6% | 1 459 925,8 | 29,8% | 0,0 | 0,0% | 30 234,0 | 0,6% |
| 01.05.2017 | 4 719 100,0 | 3 583 635,2 | 75,9% | 1 107 775,8 | 23,5% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,6% |
| 01.06.2017 | 4 216 600,0 | 3 318 030,8 | 78,7% | 870 880,2 | 20,7% | 0,0 | 0,0% | 27 689,0 | 0,7% |
| 01.07.2017 | 4 055 100,0 | 3 362 220,2 | 82,9% | 664 470,8 | 16,4% | 0,0 | 0,0% | 28 409,0 | 0,7% |
| 01.08.2017 | 3 625 400,0 | 2 865 164,8 | 79,0% | 730 801,2 | 20,2% | 0,0 | 0,0% | 29 434,0 | 0,8% |
| 01.09.2017 | 3 432 900,0 | 2 676 586,5 | 78,0% | 726 829,5 | 21,2% | 0,0 | 0,0% | 29 484,0 | 0,9% |
| 01.10.2017 | 3 312 900,0 | 2 586 486,5 | 78,1% | 710 779,5 | 21,5% | 0,0 | 0,0% | 15 634,0 | 0,5% |
| 01.11.2017 | 3 097 900,0 | 2 320 486,5 | 74,9% | 760 779,5 | 24,6% | 0,0 | 0,0% | 16 634,0 | 0,5% |
| 01.12.2017 | 2 980 950,0 | 2 284 826,5 | 76,6% | 674 779,5 | 22,6% | 0,0 | 0,0% | 21 344,0 | 0,7% |
| 01.01.2018 | 2 922 450,0 | 2 284 826,5 | 78,2% | 616 279,5 | 21,1% | 0,0 | 0,0% | 21 344,0 | 0,7% |
| 01.02.2018 | 2 682 450,0 | 2 119 068,5 | 79,0% | 536 300,0 | 20,0% | 0,0 | 0,0% | 27 081,5 | 1,0% |
| 01.03.2018 | 2 529 450,0 | 1 946 168,5 | 76,9% | 552 800,0 | 21,9% | 0,0 | 0,0% | 30 481,5 | 1,2% |
| 01.04.2018 | 2 429 450,0 | 1 723 237,5 | 70,9% | 678 995,0 | 27,9% | 0,0 | 0,0% | 27 217,5 | 1,1% |

**2-таблица. МКВ орточо айлык кирешелүүлүгүнүн динамикасы**

*пайыздар*

| Мезгил аралагы | Орточо салмактан ып алынган киреш-к | Мөөнөттүүлүктүн түрү боюнча | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 3 ай МКВ | 6 ай МКВ | 12 ай МКВ |
| Март'2017 | 4,1 | 1,6 | 2,8 | 5,5 |
| Апрель | 4,0 | 1,5 | 2,9 | 5,3 |
| Май | 4,7 | 2,0 | - | 5,0 |
| Июнь | 4,3 | - | 4,0 | 5,7 |
| Июль | 5,5 | 2,5 | 4,6 | 5,7 |
| Август | 5,6 | 2,7 | 4,7 | 5,9 |
| Сентябрь | 5,5 | - | 5,0 | 5,7 |
| Октябрь | 5,4 | - | 5,0 | 5,6 |
| Ноябрь | 5,4 | | 4,7 | 5,5 |
| Декабрь | - | - | - | - |
| Январь'2018 | 6,3 | - | - | 6,3 |
| Февраль | 6,1 | - | - | 6,1 |
| Март | 6,4 | | | 6,4 |

*"-" жарыяланган аукциондордун баары өткөрүлбөгөн катары таанылды*